УДК 37.091.4 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.503**

САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯ ШАРТЫНДА ЧЕТ ТИЛИН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ ЖОЖ СТУДЕНТТЕРИНИН МЕДИАСАБАТТУУЛУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖОЛДОРУ

Гапарова Гүлаим Икрамовна
ORCID:0009-0007-3769-8202
Аспирант
А.Мырсабеков атындагы,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
gaparova8282@gmail.com

ПУТИ ФОРМИРОВАНИЯ МЕДИАГРАМОТНОСТИ СТУДЕНТОВ ВУЗОВ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ ИНОСТРАННОМУ ЯЗЫКУ В УСЛОВИЯХ ЦИФРОВОЙ ТРАНСФОРМАЦИИ

Гапарова Гулаим Икрамовна
ORCID:0009-0007-3769-8202
Аспирант
Ошский государственый педагогический университет
gaparova8282@gmail.com

WAYS OF DEVELOPING MEDIA LITERACY OF UNIVERSITY STUDENTS IN THE PROCESS OF FOREIGN LANGUAGE TEACHING UNDER THE CONDITIONS OF DIGITAL TRANSFORMATION

G.I. Gaparova
ORCID:0009-0007-3769-8202
PhD student
Osh State Pedagogical University
gaparova8282@gmail.com

Аннотация

Бүгүнкү ааламдашуу жана санариптик трансформация шартында жогорку окуу жайларында чет тилин окутуу аркылуу студенттердин медиасабаттуулугун калыптандыруу маселеси актуалдуу болуп саналат. Чет тили глобалдык маалымат мейкиндигине чыгуу жана профессионалдык билимди өздөштүрүүнүн маанилүү куралы катары каралат. Изилдөөдө чет тили сабактарында студенттердин маалымат агымын талдоо, маалыматтын аныктыгын текшерүү жана сынчыл баалоо көндүмдөрүн өнүктүрүү жолдору каралды. Медиасабаттуулуктун негизги компоненттери талданып, аларды окуу процессине интеграциялоонун методикалык негиздери сунушталат. Изилдөөдө студенттердин санариптик компетенцияларын аныктоо максатында сурамжылоо жана тест жүргүзүлдү. Натыйжалар студенттердин интернетти колдонуу деңгээли жогору экенин, бирок маалыматты талдоо жана сынчыл иштетүү көндүмдөрү жетишсиз экенин көрсөттү. Бул изилдөө чет тилин окутууда медиасабаттуулукту өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн негиздейт.

Негизги сөздөр: *медиасабаттуулук, дезинформация, манипуляция, жогорку билим берүү, когнитивдик, сын көз караш, трансформация, санариптик технологиялар.*

Аннотация

В условиях современной глобализации и цифровой трансформации проблема формирования медиаграмотности студентов в процессе обучения иностранным языкам в высших учебных заведениях является актуальной. Иностранный язык рассматривается как важный инструмент выхода в глобальное информационное пространство и освоения

профессиональных знаний. В исследовании рассматриваются пути развития у студентов навыков анализа информационных потоков, проверки достоверности информации и критического мышления на занятиях по иностранному языку. Проанализированы основные компоненты медиаграмотности и предложены методические основы их интеграции в образовательный процесс. В ходе исследования были проведены анкетирование и тестирование для определения уровня цифровых компетенций студентов. Результаты показали высокий уровень использования интернета студентами, однако недостаточный уровень навыков анализа и критической обработки информации. Данное исследование подтверждает важность развития медиаграмотности в процессе обучения иностранному языку.

Ключевые слова: *медиаграмотность, дезинформация, манипуляция, высшее образование, когнитивный компонент, критическое мышление, трансформация, цифровые технологии.*

Abstract

In the context of modern globalization and digital transformation, the issue of developing students’ media literacy through foreign language instruction in higher education institutions is highly relevant. A foreign language is considered an important tool for accessing the global information space and acquiring professional knowledge. This study examines ways to develop students’ skills in analyzing information flows, verifying information credibility, and applying critical thinking in foreign language classes. The main components of media literacy are analyzed, and methodological approaches for their integration into the educational process are proposed. A survey and test were conducted to determine students’ digital competence levels. The results showed a high level of internet usage among students, but insufficient skills in information analysis and critical processing. This study confirms the importance of developing media literacy in foreign language education.

Key words: *media literacy, disinformation, manipulation, higher education, cognitive component, critical thinking, transformation, digital technologies.*

Киришүү Илимий- техникалык революциянын жана коомдук карым-катнаштардын прогрессивдүү өнүгүү мезгилинде илим адамзат коому үчүн мыйзам ченемдүүлүктөрдүн негизинде адам тарабынан изилденип, калыптанган баалуу система болуп эсептелет. Азыркы учурда санариптик трансформация билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келүүдө[4,99]. Айрыкча чет тилдерин окутуу процесси заманбап технологиялар менен тыгыз байланышта өнүгүп жатат. Интернет ресурстарынын кеңири жайылышы студенттерге маалыматты ар тараптан алуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Улуу даанышмандар билимди бакыттын ачкычы катары баалашкан. Философиялык көз караштан алганда, билим - бул объективдүү чындыктын адамдын аң-сезиминде чагылдырылышы болуп саналат. Санариптик доордо англис тили глобалдык медиа жана маалыматтык агымдын негизги куралына айланды. Чет тили жөн гана баарлашуу каражаты болбостон, глобалдык маалымат мейкиндигине чыгуу жана профессионалдык билимди өздөштүрүү үчүн маанилүү инструмент болуп саналат. Бүгүнкү күндө билим алуу менен чектелбестен, маалыматты сын көз караш менен талдоо жана аны туура пайдалануу жөндөмү да маанилүү. Ошондуктан студенттердин медиасабаттуулугун калыптандыруу - актуалдуу педагогикалык маселелердин бири. Демек, билим, акыл жана илим адамзатка берилген өзгөчө дөөлөт катары муундан муунга өтүп келет. Бул идеяны улуу ойчул Жусуп Баласагын төмөнкүдөй саптар менен тастыктайт [1]:

“Билим алсаң, урмат-сый алып келет,
Билим сага акыл-ой кубат берет.
Канча билсең, ошончо үйрөн, оку,
Билимдүү тилегине дайым жетет.”

Чындыгында, билим — адам үчүн соолубас булак. Адам өмүр бою билим алуу аркылуу, өзүн өнүктүрүп турат. Мурда советтик мезгилде окутуунун негизги багыты орус

тилинин коммуникативдик ролу менен аныкталса, бүгүнкү санариптик доордо англис тили глобалдык медиа жана маалыматтык агымдын негизги куралына айланды. Азыркы шартта чет тили жөн гана баарлашуу каражаты болбостон, глобалдык маалымат мейкиндигине чыгуу жана профессионалдык билимди өздөштүрүү үчүн маанилүү инструмент болуп саналат. Ошентип, заманбап медиа-чөйрөдө студенттердин маалымат менен иштөө көндүмдөрүн чет тили аркылуу өнүктүрүү маселеси бүгүнкү күндүн эң актуалдуу педагогикалык көйгөйлөрүнүн бири болуп эсептелет.

Теманын актуалдуулугу Глобалдык маалыматтык трансформация доорунда, башкача айтканда, бүгүнкү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде болуп жаткан парадигмалдык өзгөрүүлөр чет тилин окутуунун максаттарын жана милдеттерин кайрадан карап чыгуу зарылдыгын жаратат. Кыргызстанда “Санарип Кыргызстан 2019-2023” стратегиясы билим берүү системасында жаңы парадигманын негизин түздү. Бул стратегиянын максаты - билим берүүнүн сапатын санариптик технологиялар аркылуу жогорулатуу жана дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келтирүү болуп саналат [2].

2030-жылга чейинки билим берүүнү өнүктүрүү программасы студенттердин изденүү жөндөмдүүлүгүн жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө инновациялык ыкмаларды колдонот. Ошондуктан студенттерге базалык санариптик көндүмдөрдү үйрөтүү жана чет тилин окутууда медиасабаттуулукту калыптандыруу - заманбап билим берүүнүн маанилүү талабы. Бул программалардын алкагында окуу процессине жаңы методикалар киргизилип, билим берүү уюмдары электрондук тутумга өткөрүлүүдө. Ошентсе да студенттердин санариптик компетенцияларын калыптандыруу – заманбап билим берүүнүн негизги талабы бойдон калууда. Санариптик технологиялар жашообуздун бардык тармагына кирип, билим берүү тутумунун ажырагыс бөлүгүнө айлангандыктан, студенттерге базалык санариптик көндүмдөрдү үйрөтүү зарыл. Билим берүүдө чет тили жөн гана лингвистикалык билимдердин жыйындысы эмес. Ал глобалдашкан маалыматтык коомдо студенттин интеллектуалдык жана социалдык адаптациясын камсыздоочу курал болуп баратат. Азыркы санариптик чөйрөдө көпчүлүк маалыматтар чет тилдеринде жайылып, студенттер фейк жаңылыктар жана дезинформация менен таанышууда. Пост-чындык доорунда эмоционалдык таасир эткен жана жасалма жолдор менен түзүлгөн маалыматтар басымдуулук кылат. Мындай шартта студенттин медиасабаттуулугу – маалыматты “фильтрациялоо” жөндөмү, жана ал маалыматтык коопсуздуктун кепилдиги болуп саналат. Тилди окутуу процесси менен медиабилимди интеграциялоо билим берүүнүн коопсуздугун камсыз кылган зарылчылыкка айланууда. Медиасабаттуулук – азыркы маалыматтык коомдо адамдын негизги көндүмдөрүнүн бири. Ал ар кандай медиаконтентти издөө, талдоо, баалоо жана өз алдынча түзүү жөндөмүн камтыйт. Чет тили – глобалдык медиамейкиндикке чыгуунун стратегиялык ачкычы.

Кыргызстанда чет тилдерин окутуу мамлекеттик деңгээлде артыкчылыктуу багыттардын бири болууда. Чет тили глобалдашуу процессинде студенттер үчүн дүйнөлүк илимий-техникалык прогресске, академиялык мобилдүүлүккө жана глобалдык эмгек рыногуна чыгуунун негизги куралы болуп эсептелет. Бирок тилдик компетенттүүлүк медиасабаттуулук менен бекемделип турбаса, студент маалымат агымында багытын жоготуу коркунучунда калат. Ошондуктан, жогорку окуу жайында чет тилин окутуу менен студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруу келечектеги адистин интеллектуалдык эркиндигин камсыз кылат.

Чет тилин окутууда медиасабаттулуктун теориялык негиздери жана практикалык мааниси

Чет тилин окутууда медиасабаттулуктун теориялык негиздерин практикалык ишмердүүлүк менен айкалыштыруунун мааниси жана анын билим берүү процессиндеги практикалык пайдасы байкоого болот. Азыркы билим берүү парадигмасында чет тилдерин үйрөнүү коммуникативдик компетенттүүлүк менен эле чектелип калбастан, маалыматтык-санариптик чөйрөдө натыйжалуу иш жүргүзүүнү да камтыйт[3]. Студенттердин медиасабаттулугу - бул чет тилиндеги маалымат агымын сын көз караш менен кабыл алуу

жөндөмү. Медиасабаттуулук - бул маалыматты издөө, табуу, анализдөө жана анын ишенимдүүлүгүн баалоо, тилдик каражаттар аркылуу жасалган манипуляцияларды айырмалоо процесси. Ал студенттин интеллектуалдык жана тилдик көндүмдөрүн жакшыртат[9,47]. Медиа тексттерди анализдөө - сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн маанилүү фактору. Чет тили сабактарында медиатексттер (жанылыктар, макалалар, билдирүүлөр) негизги дидактикалык материал катары колдонулат. Жогоруда белгиленген теориялык жоболорду практикалык негизде аныктоо үчүн студенттердин медиасабаттуулук деңгээлин аныктоо боюнча эксперименталдык изилдөө жүргүзүлдү. Изилдөөгө Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин колледж бөлүмүнүн, англис тили адистигинде окуп жаткан биринчи курстун студенттери катышты жана алардын санариптик көндүмдөрү атайын тесттик тапшырмалар жана сурамжылоо аркылуу бааланды. Ошондой эле пайыздык көрсөткүчтөрү чыгарылды. Алынган жыйынтыктар төмөнкү таблицада берилди:

№	Санариптик көндүмдөр	Жогорку	Орто	Төмөн
1	Санариптик ресурстарды колдонуу	68%	20%	12%
2	Маалыматты талдоо	52%	30%	18%
3	Маалыматты иштетүү	49%	28%	23%
4	Онлайн маалымат издөө	70%	20%	10%
5	Коммуникациялык көндүмдөр	75%	18%	7%

Жогорудагы көрсөткүчтөрдү талдоо менен студенттердин санариптик компетенциялары ар кандай деңгээлде экендигин көрсөттү. Баса белгилеп кетүү бул жерде онлайн маалымат издөө 70% жана коммуникациялык көндүмдөр 75% жогорку деңгээлде экендиги байкалды. Изилдөөнүн натыйжасында студенттердин санариптик чөйрөдө активдүү иш алып барарын тастыктайт. Бирок маалыматты талдоо 52% жана маалыматты иштетүү 49% көрсөткүчтөрүнүн салыштырмалуу төмөн болушу студенттерде критикалык ой жүгүртүү жетишсиз калыптанып жатканын көрсөтөт. Мындай абал маалыматтын ишенимдүүлүгүн баалоодо кыйынчылыктарды жаратып, фейк маалыматтарга ишенип калуу коркунучун туудурат.

Натыйжада, чет тилин окутуу процессинде медиа сабаттуулукту өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Бул багытта комплекстүү окутуу ыкмаларын колдонуу менен студенттердин маалыматтык маданиятын жана сынчыл ой жүгүртүүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт[8,102].

Студенттердин медиасабаттулугун жогорулатуу үчүн илимий-методикалык ыкмалар:

- **Медиа тексттер менен иштөө**: Жаңылыктар, макалалар, видеобаяндамалар жана социалдык тармактардагы билдирүүлөрдү талдоо.
- **Сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү**: Маалыматтын ишенимдүүлүгүн баалоо, манипуляцияларды айырмалоо.
- **Практикалык иштер жана тренингдер**: Студенттерге медиатексттерди өз алдынча анализдөө жана жыйынтык чыгаруучу тапшырмаларды берүү.
- **Интеграцияланган сабактар**: Тилдик көндүмдөрдү медиасабаттуулук менен айкалыштырып окутуу.

Бул ыкмалар студенттердин интеллектуалдык, тилдик жана медиабаарлашуу көндүмдөрүн бир мезгилде өнүктүрүүгө багытталган. Мындай интеграциялык ыкма аркылуу студенттер глобалдык медиамейкиндикте маалыматтык агымда багытын жоготпой, санариптик жана тилдик компетенттүүлүгүн бекемдей алышат[4, 127].

Корутунду Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй чет тилин окутуу процессинде студенттердин медиасабаттуулугун максаттуу жана системалуу камсыздандыруу заманбап билим берүүнүн маанилүү булагы болуп саналат [7,115]. Жогоруда айтылган факторлорду эске алуу менен, чет тилин окутууда студенттердин

медиасабаттуулугун калыптандыруунун жолдорун изилдөө бүгүнкү күндүн эң курч жана актуалдуу педагогикалык маселеси болуп эсептелинет. Медиатехнологияларды колдонуу студенттердин сынчыл ой жүгүртүүсүн, маалыматтык коопсуздугун жана профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатат. Демек, медиасабаттуулук билим берүүнүн кошумча элементи эмес, анын өзөктүү бөлүгү болуп калды. Бул изилдөөнүн жыйынтыгында студенттерди глобалдык маалыматтык коомдо ийгиликтүү иштөөгө, маалыматтык коопсуздукту сактоого жана сын көз караш менен ой жүгүрткөн, жогорку маданияттуу инсанды тарбиялоо зарылдыгы менен негизделет. Жыйынтыктап айтканда медиа-технологияларды чет тили сабактарында колдонуу менен студенттердин маалыматтык коопсуздугун камсыз кылууга жана алардын эл аралык деңгээлдеги профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатууга шарт түзөрү негизделген.

Адабияттар

1. Ж.Баласагын кут билим Бишкек. 2015
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү. Санарип Кыргызстан 2019-2023. Бишкек, 2019.
3. Медиа сабаттуулук окуу куралы, Медиа билим борбору. Бишкек 2021.
4. И.Б.Бекбоев Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек-2015
5. Ж.Бейшаналиева, Билим берүүдө санариптик медиа колдонуу Бишкек 2020.
6. Т.Джумалиева, Чет тилдеринди окутуунун заманбап методдору Бишкек 2019.
7. Г.И.Гапарова, Т.М.Сыдыкова Роль информационной культуры студентов при изучении английского языка в техническом вузе Саратов-2024.
8. Г.И.Гапарова, Т.М.Сыдыкова, Д.Ы.Жусупова Информационная среда как ключевой компонент в преподавании английского языка Саратов-2025.
9. А. В.Фёдоров Медиаобразование и медиаграмотность. Москва 2015.

УДК: 378.147.016:811.161.1

НАУЧНЫЙ СТИЛЬ КАК ОСНОВА ФОРМИРОВАНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ СТУДЕНТОВ

Калматова Гулзат Маматысаковна,
ORCID: 0009-0000-4880-9069
кандидат педагогических наук, доцент,
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б.Сыдыкова,
kalmatova.gulzat@mail.ru

ИЛИМИЙ СТИЛЬ СТУДЕНТТЕРДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН НЕГИЗИ КАТАРЫ

Калматова Гулзат Маматисаковна,
ORCID: 0009-0000-4880-9069
Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университети,
Ош, Кыргызстан. kalmatova.gulzat@mail.ru

SCIENTIFIC STYLE AS A BASIS FOR FORMING STUDENTS' PROFESSIONAL COMPETENCE

Kalmatova Gulzat Mamatysakovna,
ORCID: 0009-0000-4880-9069
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
B. Sydykov Kyrgyz-Uzbek International University,
. kalmatova.gulzat@mail.ru